MEDIA ADVISORY

UNITED NATIONS HUMAN RIGHTS SPECIAL PROCEDURES
SPECIAL RAPPORTEURS, INDEPENDENT EXPERTS & WORKING GROUPS

# БУУнун адам укуктары боюнча экспертинин Кыргызстанга жакырчылыкты баалоо үчүн сапары

ЖЕНЕВА (2022-жылдын 18-майы) БУУнун жакырчылыктын акыркы чеги жөнүндө жана адам укуктарынын маселелери боюнча атайын баяндамачысы Оливье Де Шуттер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жакырчылыкты жоюу жаатында жүргүзгөн аракеттерин изилдөө максатында – 2022-жылдын 23-майынан 3-июнуна чейин Кыргызстанга келет.

«Акыркы он жылдыктарда Кыргызстанда жакырчылыктын деңгээли акырындык менен төмөндөп келген. Бирок акыркы эки жылда жакырчылыкта жашагандардын саны көбөйдү», - дейт БУУнун Адам укуктары боюнча Кеңеши тарабынан жакырчылык жана адам укуктары маселелери боюнча байкоо жүргүзүү, отчет берүү жана кеңеш берүү үчүн дайындалган көз карандысыз эксперт Де Шуттер. " – Өкмөт жакырчылыкты кыскартуу ишине берилген жана менин сапарым бул аракеттерди жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат."

COVID-19 пандемиясы Кыргызстандын экономикасына олуттуу таасирин тийгизди. Ал жумушсуздуктун өсүшүнө жана азык-түлүктүн кымбатташына алып келди. 2020-жылы калктын төрттөн биринен көбү же 1,68 миллион адам улуттук жакырчылыктын чегинде жашаган.

Орусиянын Украинага басып киришинен улам дагы Кыргызстандагы жакырчылыктын деңгээли күчөшү күтүлүүдө. Келишпестик жана ага байланышкан санкциялар импортко жана Орусияда эмгектенген мигранттардын акча которууларына көз каранды болгон Кыргызстандын экономикасына таасирин тийгизиши мүмкүн.

«Акча которуулардын кыскартылышы инфляциянын өсүшү менен бирге Кыргызстанда ансыз да жан багуу үчүн кыйынчылык менен бир учун экинчисине араң улаштырып жаткан адамдар үчүн киреше булагын жоготуу коркунучунда турат», - деди Де Шуттер.

Иш сапардын жүрүшүндө Атайын баяндамачы социалдык коргоо боюнча жөлөкпулдардын жетишерлик экенин жана саламаттыкты сактоо, турак жай менен камсыздалгандыгын жана билим берүү тутумдарынын сапатын

изилдейт. Ал ошондой эле жакырчылыктын ченеми келишпеген  таасиринен сезгенген топтордун, анын ичинде балдардын, майыптыгы бар адамдардын жана карыялардын абалына баа берет.

Де Шуттер Бишкек шаарында, ошондой эле Нарын, Ош жана Баткен облустарында жолугушууларды өткөрөт. Ал улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги бийликтин расмий адамдары, жакырчылыкка дуушар болгон жеке адамдар жана коомчулуктар, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлдөрү жана жарандык коомдун уюмдары менен жолугушат. Жолугушуулардын болжолдуу графиги бул жерде көрсөтүлгөн.

Атайын баяндамачынын маалымат жыйыны 3-июнда Бишкек убактысы боюнча саат 11:30да өткөрүлөт. Ал журналисттер менен гана чектелип, түз эфирде көрсөтүлөт. Кененирээк маалымат www. srpoverty.org , Twitter @ srpoverty . сайтында жайгаштырылат.

Атайын баяндамачынын иш сапары изилдөөлөргө жана кеңири жазуу жүзүндөгү материалдарына таянып, алдын ала  даярдалган.
Атайын баяндамачынын жыйынтыктоочу баяндамасы 2023-жылдын июнь айында БУУнун Адам укуктары боюнча Кеңешине берилет.

АЯГЫНДА

*Оливье де Шуттер мырза (Бельгия) 2020-жылдын март айында БУУнун Адам укуктары боюнча Кеңеши тарабынан БУУнун жакырчылыктын чеги жөнүндө жана адам укуктарынын маселелери боюнча атайын баяндамачысы болуп дайындалган жана Атайын процедуралардын мүчөсү болуп саналат. UC Louvain жана SciencesPo (Париж) университетинин укук профессору, де Шуттер мырза 2008-2014-жылдары тамак-аш укугу боюнча атайын баяндамачы жана 2015-жылдан 2020-жылга чейин Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитеттин мүчөсү болгон. Бул дайындоолорго чейин ал Адам укуктары боюнча эл аралык федерациянын (FIDH) башкы катчысы болгон.*

*Атайын жол- жоболор – көз карандысыз фактыларды аныктоо жана байкоо жүргүзүү механизмдери Кеңешинин жалпы аталышы, алар  дүйнөнүн бардык бөлүктөрүндөгү тематикалык маселелерди же  даана бир өлкөлөрдөгү тиешелүү кырдаалдарды карашат. Атайын процедуралардын эксперттери ыктыярдуу негизде иштешет; алар БУУнун кызматкерлери болуп саналбайт жана аткарган иштери үчүн айлык-акы алышпайт. Кандайдыр бир өкмөттөн же уюмдан көз карандысыз жана жеке дарамети менен иш алып барышат.*

*Кененирээк маалымат жана ЖМК сурап билүүлөр үчүн кайрылыңыздар: Патрисия Варела (+41 22 928 9234 / pvarela@ohchr.org ) жана Изабелла Делфорж (+32/498522163 isabelle.delforge@srpoverty.org or media@srpoverty.org ) менен байланышыңыз , Special Rapporteur Twitter @DeSchutterO жана @srpoverty*

*БУУнун башка эксперттерине байланыштуу ЖМК сурап билүүлөр үчүн: Джереми Лоуренс мырза, БУУнун адам укуктары – ЖМК бөлүмү (+ 41 22 917 9383 / jeremy.laurence@un.org )*

*БУУнун адам укуктары боюнча көз карандысыз эксперттерине байланыштуу маалыматтарды алуу үчүн Twitter @UN_SPExperts баракчасынан караңыз .*

*Биз жашап жаткан дүйнө сизди тынчсыздандырабы?* ***Адам укуктары үчүн күрөш STANDUP4humanrights кампаниясына*** *кошулуңуз жана http://www.standup4humanrights.org/en/ кириңиз.*